| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын VIII-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №11/6**

2024-жылдын 12-июну — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы жайыт маселелелери боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагыдагы жайыт маселелери боюнча төмөндөгүдөй тарифтер бекитилсин:
   - туризм тармагында иш алып барган жеке ишкерлер тиккен ар бир боз үй үчүн – 4000 сом, бир сезонго (ашкана үчүн тигилген боз үйлөргө алынбайт);
   - Ичке-Кызарт жайлоосунда соода-сатык менен алектенгендердин ар бир боз үйү жана вагондору үчүн – 2000 сом, бир сезонго
   - жайыт жерлерге боз үйлөрдү сактooо коюлган контейнерлер үчүн чоң кичинесине жараша 4000 сомдон, 6000 сомго чейин, бир жылга;
   - коюлган темирден жана жыгачтан жасалган чакан үйлөргө (домпалатка) – 2000 сом бир сезонго
   - кой-эчкилер үчүн – 20 сом, 1 жылга (төлүнө алынбайт)
   - бодо малдарга (жылкы, уй) – 100 сом, 1 жылга (төлүнө алынбайт)
   - топозго – 300 сом, 1 жылга
2. Куйручук-Кызарт айыл аймагынан сырткары аймактарда факт жүзүндө жашап, малын алып келип бактырса, алардын малдары үчүн 2 эсе жогорулатылган тарифтер менен эсептелинсин;
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановго, жайыт боюнча инспекторлорго (К.Чокоев, Жайлообек уулу Чыныбек) тапшырылсын;
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** — **М.Акматалиева**